# Кызматташуу жана биргелешкен иш-аракеттер жөнүндө Келишим №18

«22» «12» 2025 ж.

К.И.Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук агрардык университетинин С.Турсунов атындагы Бишкек агроэкономикалык колледждин атынан, биринчи тараптан Уставдын негизинде иш алып барган директор Омбаева Назгул Раимкуловна, экинчи тараптан Кыргыз Республикасынын Чүй аймактык экологиялык жана техникалык Көзөмөл кызматынын жетекчиси Анарбаев Тойаалы Абдыманапович тарабынан Уставдын негизинде иш алып баруучу, экинчи тараптан (эки тарап биригип «Тараптар» аталып»), бирдикте төмөндөгүдөй Келишим түзүштү:

## 1. МАКУЛДАШУУНУН ПРЕДМЕТИ.

1.1. Бул Келищим, орто кесиптик билим берүү тармагында студенттерди окутуу жана тарбиялоо жаатында билим берүү мекемелеринин оросундагы мамилелерди аныктайт.

1.2. Келишимдин «Тараптары», студенттерге билим жана тарбия берүүдө ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында төмөнкү кызматташтыкты жүргүзүшөт:

- сабактан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу;
- студенттердин ден соолугун чыңдоодо өз ара жардамдашуу;
- сергек жашоону пропогандалоо;
- студенттердин физикалык, руханий жана адеп-ахлактык жактан өнүгүүсү жана жигердүү турмуштук позициясын калыптандыруу максатында, алардын бош убактысын уюштуруу;
- ресурстарды эффективдүү пайдаланууга.

1.3. Тараптар Уставдык милдеттерди чечүүдө бири-бирине жардам көрсөтүү максатында өз ара кызматтарды көрсөтүү, маалымат алмашуу, биргелешкен практикалык долбоорлорго катышу жана башка мыйзамга карама-каршы келбеген биргелешкен иш-чаралардын башка түрлөрүнө катышууга макулдашты.

1.4. Тараптар көрсөтүлгөн шарттарда бири-бирине кызматтардын бардык түрлөрүн көрсөтөт. Тараптардын бири сунуштарды талап кылбаса, Тарап адекваттуукатыша албаса, же үчүнчү тараптан каршылыктар болсо, Тараптар сунуштарды четке кагууга укуктуу.

1.5. Тараптардын биргелешкен иш-аракеттери «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана ушул Келишимге нгизделет.

## 2. ТАРАПТАРДЫН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ.

2.1. Тараптар биргелешкен иш- аракетинин жүрүшүндө белгилүү болгон жашыруун маалыматты ачыкка чыгарбоого милдеттенишет.

2.2. Тараптар өзгөчө укуктарды коргоодо бири-бирине жардам беришет.

2.3. Тараптар төмөнкүлөргө милдеттенишет:

- коюлган максаттарга жетишүү үчүн зарыл болгон окуу процессине тиешелүү бардык материалдарды (финансалык-чарбалык документтерден тышкары) таанышуу үчүн бири-бирине өткөрүп берүүгө;

- зарыл болгон маалыматтарды берүүгө;

- Келишимде каралган кандайдыр бир биргелешкен ишти аткаруу процессинде да, алынган маалыматты пайдаланууда да студенттин укуктарын артыкчылыктуу коргоону камсыз кылууга;

- биргелешкен иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө катышу;

- Тараптар биргелешип же өзүнчө өткөргөн иш-чаралар жөнүндө жарнак материалдарын жайылтууга көмөк көрсөтүү;

- бири-бирине берилген жайларда өрт коопсуздугунун эрежелеринин, санитардык-гигиеналык эрежелердин сакталышын камсыз кылууга;

- иш-чараларды өткөрүү тартибин координациялайт;

- сабактарды жана иш-чараларды уюштурууда педагогикалык жамаатка усулдук жардам көрсөтүүгө.

## 3. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ.

3.1. Тараптар ушул Келишимге тиешелүү чечимдарди кабыл алууга катышууга бирдей укуктарга ээ жана эгерде, чечим Тараптардын ар бири тарабынан кабыл алынса, кабыл алынды деп эсептелет.

3.2. Ар бир Тарап биргелешкен иш-чараларды өткөрүүдө окуу-методикалык документтер менен таанышууга укуктуу.

## 4. УЮШТУРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ.

4.1. Бардык зарыл болгон маселелер Тараптардын директорлорунун деңгээлинде макулдашып чечилет.

4.2. Ушул Келишимдин жана анын катышуучуларынын алкагында биргелешкен иш-чараларды башкаруу, Тараптардын директорлоруна жүктөлөт, алар башка катышуучуларга биргелешкен иш-чаралар жана программалар жөнүндө үзгүлтүксүз маалымат беришет.

## 5. ТӨЛӨМ ТАРТИБИ.

5.1. Тараптардын биргелешкен иш-аракеттери комерциялык эмес, кандайдыр бир формада пайда алуу максатын көздөбөйт жана өз ара пайдалуу негизде жүзөгө ашырылат.

## 6. БАШКА ШАРТТАР.

6.1. Бул Келишим эки Тарап кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана ал белгиленген максаттарга жооп бергенде жана Тараптардын бири да бузбаса, эки жыл бою күчүндө болот.

6.2. Эгерде Тараптардын бири Келишимдик мамилелерди токтотуу ниети жөнүндө анын мөөнөтү аяктаганга чейин 30 календардык күн калганда жазуу жүзүндө билдирбесе, Келишим дагы бир жылга узартылат. Келишимдин мөөнөтүн узартуунун саны чексиз.

6.3. Бул Келишим түзүлүүчү шарттар жана Талаптардын макулдашуусу боюнча өзгөртүлүүшү жана толукталышы мүмкүн.

6.4. Келишим жүйөлүү себептер боюнча Тараптардын бири тарабынан бузулушу мүмкүн.

6.5. Бул Келишим ар бир Тарап үчүн бирден эки нускада түзүлдү. Эки нуска тең бирдей юридикалык күчкө ээ.

## 7. ТАРАПТАРДЫН ЮРИДИКАЛЫК ДАРЕКТЕРИ ЖАНА МААЛЫМАТЫ.

**Кыргыз Республикасы**

**Бишкек шаары,**

**Медерова көчөсү 42**

**тел: +996(312)300667**

**ИНН: 00306202110080**

**КР ФМ БК БИК: 440201**

**р/с: 4402011000102181**

**С.Турсунов атындагы Бишкек**

**агроэкономикалык колледж**

**тел: 0313241639, эл. почта**

**baek.75@mail.ru.**

**ИНН: 01007199710024**

**ОКПО: 00828070**

**БИК: 720040**

**р/с1299003230045790 9**

**КР жаратылыш ресурстары,**

**экология жана техникалык**

**көзөмөл кызматынын**

**жетекчиси**

**Анарбаев Т.А.**

______________________

**К.И.Скрябин атындагы КУАУин**

**С.Турсунов атындагы Бишкек**

**агроэкономикалык колледжин**

**директору Н.Р.Омбаева**

______________________